Тиркеме 1
Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлигинин
2019 жылдын «12» апрели
№ 404/1 буйругу менен бекитилген

**Жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча «Алтын тамга» жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташтырылган тест түрүндө өткөрүү жөнүндө**
**ЖОБО**

I. Жалпы Жоболор;
II. Өткөрүү орду жана мөөнөтү;
III. Тестти уюштуруу жана өткөрүү тартиби;
IV. Тестке катышуу тартиби;
V. Тестке катышууга укук берүү тартиби;
VI. Тесттин дизайны;
VII. Тесттин жыйынтыктарын чыгаруу;
VIII. Техникалык аппеляциялык комиссиянын иштөө тартиби;
IX. Тестти каржылоо.

## I. Жалпы Жоболор

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын артыкчылык менен өздөштүргөн, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен документ алууга талапкер болгон XI класстардын окуучуларынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын катышуучуларын, өткөрүү мөөнөтүн жана тартибин аныктайт.

Ушул Жобо жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүнүн төмөнкү түрүн – **стандартташтырылган тест түрүндөгү «Алтын тамга» жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын** (текстте мындан ары – «Алтын тамга» тести) белгилейт.

2. XI класстардын окуучуларынын «Алтын тамга» тести окуучулардын жалпы орто билим берүү программаларын артыкчылык менен өздөштүрүү процессинин натыйжаларын аныктоо жана текшерүү каражаты болуп саналат.

3. «Алтын тамга» тестине катышуу билимге ээ болуу түрүнө карабастан жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын артыкчылык менен өздөштүргөн, жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен документ алууга талапкер болгон XI класстардын окуучулары (текстте мындан ары – талапкерлер) үчүн милдеттүү болуп эсептелет.

4. «Алтын тамга» тестин өткөрүүнүн максаттары төмөнкүлөр болуп саналат:

- жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен документ алууга талапкерлердин билим деңгээлдерин баалоону жүргүзүү;
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын аткарылышына көзөмөл кылуу;
- мектеп билим берүү системасын, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарын жетилтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

## II. Өткөрүү орду жана мөөнөтү

5. «Алтын тамга» тести ар бир окуу жылдын май айында өткөрүлөт. «Алтын тамга» тестин өткөрүү мөөнөтү жана орду Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан аныкталат (мындан ары текстте – министрлик)

## III. Уюштуруу жана өткөрүү тартиби

6. «Алтын тамга» тестин уюштуруу жана өткөрүү министрлик тарабынан билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары (мындан ары текстте – ББМБО) жана жалпы билим берүү уюмдары (мындан ары текстте – ЖББУ) менен биргеликте ушул Жободо белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

7. «Алтын тамга» тестинин милдеттүү окуу сабактарынын тизмесине өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү министрлик тарабынан жүргүзүлөт.

8. «Алтын тамга» тестине катышууга үстүбүздөгү окуу жылдын талапкерлерине гана уруксат берилет.

9. «Алтын тамга» тестин өткөрүүгө бардыгы болуп 4 саат 10 мүнөт (астрономиялык саат) бөлүнөт, анын ичинде талапкерлерге көрсөтмө берүүгө – 20 мүнөт, окуу сабактарын тестирлөөгө – 3 саат 30 мүнөт, экинчи тесттен кийин талапкерлерге 20 мүнөт тыныгуу берилет.

10. «Алтын тамга» тести 4 милдеттүү окуу сабактары боюнча өткөрүлөт, анын ичинде аларга төмөнкүдөй убакыт бөлүнөт:

- табигый-математикалык циклдеги сабактар
(*математика 60 мүнөт, химия 60 мүнөт*) – 120 мүнөт;
- гуманитардык-тилдик циклдеги сабактар
(*эне тили жана адабияты (кыргыз тили жана кыргыз адабияты, орус тили жана орус адабияты, өзбек тили жана өзбек адабияты– 45 мүнөт) жана Кыргызстандын тарыхы – 45мүнөт)* – 90 мүнөт;

11. «Алтын тамга» тести талапкерлердин чет тилдерден башка окуу тилинде: кыргыз, орус же өзбек тилдеринде жүргүзүлөт.

12. Милдеттүү деп эсептелген, бирок «Алтын тамга» тестине кирбеген ЖМАнын кыргыз тили (окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) жана орус тили (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) предметтерин ЖББУ (тибине жана формасына карабай)

көрсөткөн талапкерлер жалпы негизде жана белгиленген тартипте тапшырышат.

13. Лицей, гимназия жана башка жалпы билим берүү уюмдарында окуган талапкерлер «Алтын тамга» тестинен тышкары бир же эки профилдик окуу сабагы боюнча базалык көлөмдөгү сабактардан тышкары өтүлгөн темалар, бөлүмдөрдү эске алуу менен оозеки түрүндө милдеттүү тартипте жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны (мындан ары – ЖМА) өтүшөт.

14. Талапкер табигый-математикалык циклдеги сабактар боюнча тест тапшырмаларын аткарууда эсептөөлөрдүн жүрүшүн көрсөтүүчү эсеп чыгарууларын жазып эсептөөгө, сүрөттөрдү, чиймелерди тапшырмалар баракчасынын бош жеринде аткарууга милдеттүү.

15. «Алтын тамга» тестине талапкер тест жүргүзүү жайларында (текстте мындан ары – ТЖЖ) үч документтин: мектептен 3х4 сүрөтү чапталган маалымкат, өздүгүн тастыктаган документ (паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк) жана жеке каттоо номурунун негизинде идентификациялоодон өтөт. Каттоодон өткөндөн кийин талапкер дарсканада өзүнүн каттоо номурунда көрсөтүлгөн орунду ээлейт.

Талапкерлер үчүн номурланган орундар бири-биринен 1,5 метр алыстыкта жайгаштырылат.

16. Чет тилдердин биринде окуган талапкерге ушул Жобонун 10, 12 жана 13-пункттарына ылайык «Алтын тамга» тестинен өтүү укугу берилет. Тестке катышуудан баш тарткан учурларда талапкер жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен документ алуу укугунан ажырап, жалпы негизде ЖМАны тапшыруу мүмкүнчүлүгү берилет.

17. «Алтын тамга» тести башталардын алдында талапкерлерге жооп баракчасын толтуруу, тест менен иштөө жана ТЖЖда катышуучулардын жүрүм-турум эрежелери жөнүндө нускама берилет. Нускама берүүгө жана жооп баракчасынын маалымат бөлүгүн толтурууга 20 мүнөт убакыт берилет.

18. «Алтын тамга» тестине катышкан талапкерге тапшырган тести боюнча алынган жыйынтыктарды кайра артка чакырып алуу жана жокко чыгаруу же тесттен кайрадан өтүү укугу берилбейт.

19. Министрлик ББМБО көмөгү менен бекитилген жалпы билим берүү уюмундагы ТЖЖнын ишин аныктайт жана жөнгө салат.

20. «Алтын тамга» тестин өткөрүүнүн ачык-айкындыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылууда тышкы байкоо жүргүзүүгө болот. Байкоочулардын курамы компетенттик органдардан, ата-энелерден жана мугалимдер коомчулугунун өкүлдөрүнөн түзүлөт. Байкоочулардын мүчөлөрү жалпы билим берүү уюмунун (ТЖЖ) директорунун буйругу жана 3 адамдан турган мектеп комиссиясынын макулдугу менен бекитилет. Тест жүргүзүү убактысы жөнүндөгү маалымат байкоочуларга тест башталганга бир жума калган мөөнөткө чейин кабарланат.

21. Байкоочулардын иштөө тартиби төмөнкү ыйгарым укуктар менен аныкталат:

- тест өткөрүлгөн күнү өздүгүн тастыктаган документтери менен мектепте болуу;
- «Алтын тамга» тестинин өткөрүлүшүнө сырттан байкоо жүргүзүү;
- «Алтын тамга» тестин даярдоо жана өткөрүү учурунда жалпы билим берүү уюмунда байкоочулардын болуу убактысы чектелбейт;
- «Алтын тамга» тестин даярдоо жана өткөрүү процессине кийлигишүүгө (тестке катышуучулардын жана администраторлордун көңүлүн ар кандай суроолор, эскертүүлөр менен алаксытууга, дарсканада уюлдук байланыш каражаттарын, сүрөт жана көрмө аспаптарын, портативдик жана чөнтөк компьютерлерин ж.б. каражаттарды колдонууга) тыюу салынат.

22. Ар бир ТЖЖда «Алтын тамга» тестин өткөрүүнүн жыйынтыктары боюнча протокол түзүлөт.

## IV. Жумушчу топтор

23. «Алтын тамга» тестинин жумушчу тобу болуп төмөнкүлөр саналат:
- тиешелүү жалпы билим берүү уюмунда түзүлгөн мектеп комиссиясы;
- ББМБОда түзүлгөн райондук/шаардык комиссия;
- министрлик тарабынан түзүлгөн республикалык Уюштуруу комитети

24. Мектеп комиссиясынын курамы жалпы билим берүү уюмунун директору тарабынан, райондук/шаардык комиссиясынын курамы ББМБОнын башчысы тарабынан, Уюштуруу комитетинин курамы – министрликтин жетекчилиги тарабынан бекитилет. Комиссия 5 адамдан кем эмес курамдан турат, анын ичинде комиссиянын төрагасы, комиссиянын төрагасынын орун басары, комиссиянын катчысы жана комиссия мүчөлөрү болот.

25. Жумушчу топтор өз ишинде ушул Жобону жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларын жетекчиликке алат.

26. Жумушчу топтордун негизги милдети – «Алтын тамга» тестине даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча ишти жөнгө салуу болуп саналат.

27. Мектеп комиссиясынын негизги аткарган кызматтары төмөнкүлөр:
- жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын X, XI класстар үчүн окуу планынын бардык сабактары боюнча «5» (эң жакшы) деген баага өздөштүргөн окуучулардын тизмесин карайт жана бекитүүгө сунуштайт. XI класстардын талапкерлерине «Алтын тамга» тестине кирүү укугун берүүгө жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин сунуштамасы жана директордун бул тизмени бекитүү жөнүндөгү буйругу негиз болот;
- талапкер тууралуу так, анык маалыматтардын берилишине жоопту болот;
- талапкердин «Алтын тамга» тестине катышуусун уюштурууну камсыз кылат;

- талапкерге жана анын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) тестти өткөрүү мөөнөттөрү тууралуу анын башталышына эки жума калган убакытка чейин өз убагында кабарлоону уюштурат;
- тестти өткөрүү үчүн зарыл болгон кеңсе буюмдарын уюштурууну жана даярдоону камсыз кылат;
- эгерде жалпы билим берүү уюму ТЖЖ болуп эсептелсе, коомдук байкоочулардын тизмесин макулдашат;
- белгиленген мөөнөттө ТЖЖнын даярдыгы жөнүндө ББМБОго маалымат берет;
- бүтүрүүчүлөр жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) үчүн «Алтын тамга» тестине даярданабыз» деген аталышта мектепте маалымат тактасын жасалгалоону камсыз кылат;
- ТЖЖнын иши үчүн төмөнкү шарттарды камсыз кылат: белгиленген мөөнөттөрдө жалпы билим берүү уюмунда тест өткөрүү жайы даярдалышына (санитардык эрежелер жана ченемдердин, коомдук тартиптин сакталышына, башталгыч класстардын жана медициналык кызматкерлердин арасынан нөөмөтчүлөрдү дайындоого) көзөмөл жүргүзөт;
- «Алтын тамга» тестин өткөрүү убагында мектеп ашканасынын талаптагыдай иштешин камсыз кылат;
- талапкерди «Алтын тамга» тестинин жыйынтыктары менен тааныштырууга жооптуу болот.

Райондук/шаардык комиссиясы:

- мектептерде «Алтын тамга» тестине даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын планынын бекитилишин камсыз кылат, анын ичинде:
- «Алтын тамга» тестин уюштурууда жана өткөрүүдө бирдиктүү талаптардын сакталышын камсыз кылат;
- «Алтын тамга» тестин өткөрүү күнү жана орду тууралуу жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине, мугалимдерге, талапкерлерге жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) маалымат берүү боюнча уюштуруу жана жөнгө салуу иштерин камсыз кылат;
- «Алтын тамга» тестине катышууга укук алган талапкерлер жөнүндө туура, так маалыматтын берилишине жооптуу болот;
- министрликте белгиленген тартип боюнча керектүү маалыматтын (белгиленген тартип боюнча талапкерлердин тизмеси) берилишин камсыз кылат;
- «Алтын тамга» тести өткөрүлгөн күнү бекитилген ТЖЖдагы окуу сабактарын башка мөөнөттөргө которуу тартибин жөнгө салат (жалпы билим берүү уюмунун ББМБО менен макулдашылган буйругу);
- «Алтын тамга» тестин райондо\шаарда өткөрүү тартибин жөнгө салат (ТЖЖда тиешелүү санитардык эрежелерге жана ченемдерге ылайык шарттарды түзүү; өтүлгөн жайга чейин жана кайра келгенге чейин коштоп жүрүүдө талапкерлердин өмүрүнүн жана саламаттык коопсуздугун камсыз кылуу, ТЖЖ аймагында бөтөн адамдардын жүрүшүн чектөө);

- «Алтын тамга» тестине даярдык көрүү жана тесттин жыйынтыктары тууралуу мектеп комиссияларынын отчетторун угат.
- «Алтын тамга» тестинин башталышына бир күн калган мөөнөттө ТЖЖнын ушул Жободо белгиленген талаптарга шайкеш даярдыгын кабыл алууну акты менен жүргүзөт;
- талапкерлердин жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) мугалимдердин жана башка адамдардын кайрылууларын жана арыздарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте карайт.

Республикалык уюштуруу комитети:
- «Алтын тамга» тестин уюштурууда жана өткөрүүдө бирдиктүү талаптардын сакталышын камсыз кылат;
- «Алтын тамга» тестин өткөрүү тартибине өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү жөнүндө сунушун өз убагында киргизет;
- «Алтын тамга» тестинен өтүүгө талапкерлердин кайрылууларын жана арыздарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте карайт;
- талапкерлерге жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) билим берүү мекемелиринин жетекчилеринин жана мугалимдеринин арасында маалымдоо-тушундүрүү жана этап-этабы менен уюштуруу иш-чараларын жүргүзүүнү жана ишке ашырууну көзөмөлдөйт.

- республикалык Уюштуруу комитетинин ишмердүүлүгү боюнча протокол түзүлөт, комиссиянын төрагасынын жана бардык мүчөлөрүнүн колтамгасы менен бекитилет.

## V. Тестке катышуу тартиби

28. Талапкер «Алтын тамга» тестине паспортун (же өздүгүн тастыктаган документин: туулгандыгы тууралуу күбөлүктү же айдоочунун күбөлүгүн ж.б.) көрсөткөн учурда кирүүгө укук алат.

Тест учурунда талапкердин иш орунунда сынак материалдарынан сырткары төмөнкүлөр болушу зарыл:

а) кара (же кочкул көк) түстөгү сыясы бар эки калем сап;
б) өздүгүн тастыктаган документи;
г) дары-дармек жана тамак-ашы (зарыл учурларда);

Ушул Жободо каралбаган башка буюмдарын талапкерлер дарсканада жеке буюмдар үчүн атайын бөлүнүп берилген жерде калтырышат.

29. Талапкердин «Алтын тамга» тестине катышуусу милдеттүү болуп саналат.

30. Тест өткөрүү учурунда талапкерлерди коштоп жүрүү, саламаттыгын жана өмүрүнүн коопсуздугун камсыз кылуу милдети тапшырылган жооптуу адам ТЖЖга «Алтын тамга» тестине каттоодон өткөрүү үчүн жалпы билим берүү уюмунун директору тарабынан бекитилген, ББМБО менен макулдашылган тизмени берет.

31. «Алтын тамга» тестине катышуу тизмесинде катталган, бирок тестке негиздүү себептер менен келе албаган талапкерге Уюштуруу комитетинин чечими менен кошумча тестке катышууга укук берилиши мүмкүн. «Алтын тамга» кошумча тестин өткөрүү чечими министрлик тарабынан талапкер тестке ооруп калгандыгына байланыштуу же негиздүү себептер менен келе албаган учурда гана кабыл алынат.

«Алтын тамга» кошумча тестин өткөрүүгө негиз болуп белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын тиешелүү компетенциядагы ыйгарым укуктуу органдарынан алынган тастыктоочу документтердин болушу эсептелет.

Тестке негиздүү себептер менен келе албагандыгын тастыктаган иш кагаздары талапка жооп бербесе, талапкер «Алтын тамга» кошумча тестине катышуу жана орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугунан ажырайт.

Уюштуруу комитетинин отуруму протокол менен жол-жоболонот (үн\көрмө тасмаларына жаздырууга уруксат берилет).

32. «Алтын тамга» тестин өткөрүү учурунда талапкерге:

- администраторлордун биринин коштоосунда 10 мүнөттөн ашпаган убакытка дарсканадан сыртка чыгууга уруксат берилет. Дарсканадан чыгып жаткан учурда талапкер жооп баракчасын, тест жана иштеп жаткан материалдарын администраторго тапшырууга милдеттүү.
- өзү менен кошо байланыш каражаттарын, электрондук-эсептөө техникасын, сүрөт, үн жана көрмө аспаптарын, маалымат берүүчү материалдарды, жазма эскерткич-белгилерди, маалыматты сактоо жана берүүнүн башка каражаттарын алып кирүүгө тыюу салынат.
- башка адамдар менен сүйлөшүүгө, ТЖЖдагы дарскананын (залдын) ичинде администратордун уруксаты жок эркин басып жүрүүгө, ордунан турууга, уруксатсыз башка орунга отурууга, тест тапшырмалары менен алмашууга, тест тапшырмаларын жашырууга тыюу салынат.

33. Белгиленген тартипти бузууга жол берген талапкер ушул Жобонун 32-пункттунун 2,3-абзацтарына ылайык тесттен четтетилет. Бул учурда ТЖЖнын администратору тарабынан мектептин, райондук/шаардык комиссияларынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн катышуусу менен жана байкоочулардын, коштоп келген мектеп өкүлдөрүнүн же ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) көз алдында тесттен четтетүү жөнүндө акт түзүлөт.

34. Эгерде катышуучу ден соолугуна байланыштуу же башка объективдүү себептер менен тест тапшырмаларын аткарып бүтпөй калса, ага мөөнөтүнөн мурда тесттен чыгып кетүүгө уруксат берилет. Мындай учурда ТЖЖнын администратору тарабынан мектептин, райондук/шаардык комиссияларынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн катышуусу менен жана байкоочулардын, коштоп келген мектеп өкүлдөрүнүн же ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) көз алдында тестти мөөнөтүнөн мурда аяктоо жөнүндө акт түзүлөт.

Тесттен четтетүү же объективдүү себептер менен тестти мөөнөтүнөн мурда аяктоо жөнүндөгү актылар талапкердин тест жыйынтыктарын иштеп чыгууда эсепке алуу үчүн ошол эле күнү Уюштуруу комитетине жөнөтүлөт.

35. «Алтын тамга» тестине 30 мүнөттөн көп эмес кечигип калган талапкерди калган убакыттын чегинде тест тапшырмаларын аткарууга киргизүүгө болот.

## VI. Тестке катышууга укук берүү тартиби

36. Педагогикалык кеңештин сунуштамасынын жана жалпы билим берүү уюмунун буйругунун негизинде жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөн жана X, XI класстар үчүн бардык окуу сабактары боюнча чейрек, жарым жылдык жана жылдык баалары «5» (эң жакшы) деген баадан төмөн эмес болгон талапкерге «Алтын тамга» тестине тапшыруу укугу берилет, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын жүзөгө ашырган бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында окугандар;
- эл аралык алмашуу тартибинде чет өлкөдө убактылуу окуп жаткан окуучулар (окуу түрү – экстернат);
- эл аралык олимпиадалардын, кайрымдуулук акциялардын, марштардын катышуучулары, тест өткөрүлүп жаткан убакта гастролдорго жана мелдештерге кеткен артист жана спортчу окуучулар;
- чет тилде окугандар (ушул Жобонун 11-пунктуна ылайык, эгерде айрым жалпы билим берүү сабактары же толук бойдон чет тилдердин биринде окутулса).

37. Тестке катышуудан баш тарткан учурда талапкер жалпы орто билими тууралуу артыкчылык аттестатына ээ болуу укугунан ажырап, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны (текстте мындан ары –ЖМА) белгиленген тартипте жалпы негизде тапшыруу укугу ыйгарылат.

## VII. Тестти уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптар

38. «Алтын тамга» тестин уюштуруу жана өткөрүү иш-чараларын камсыздоо боюнча сатып алууларды министрлик жүргүзөт. Аткаруучу болуп сынактык негизде тандалып алынган, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны иштеп чыгууда, киргизүүдө жана өткөрүүдө тажрыйбасы бар уюм эсептелет (мындан ары текстте – Аткаруучу).

39. Министрликтин сатып алуу кызматтарынын техникалык талаптарына ылайык Аткаруучу «Алтын тамга» тестине катышуучу талапкерлерге бирдиктүү шарттарды камсыз кылууну камсыздайт.

## VIII. Тесттин дизайны

40. Тесттин дизайны жана өткөрүү шарттары төмөнкү стандартташтырылган формаларда көрсөтүлөт:

- «Алтын тамга» тестин өткөрүү тартибин жана шарттарын, алынган натыйжаларды иштеп чыгуу жана түшүндүрмө берүү ыкмаларын стандартташтыруу – сыноодон өтүүчүлөр үчүн өткөрүү баскычында да, маалыматтарды иштеп чыгуу жана түшүндүрмө берүү баскычында да бирдей шарттарды түзүү;
- алынган натыйжаларды стандартташтыруу – катышуучунун жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо үчүн негиз боло турган ченемдерди, баа шкаласын алуу.

41. Тест толук бойдон окуу предметинин мазмунун билим берүү программаларына жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкештикте чагылдырат. Стандартташтырылган тест төмөнкүдөй түрдө берилет:
- жабык түрүндөгү тапшырмалар (бир туура жоопту тандап алуу менен);
- ачык түрүндөгү тапшырмалар;
- туура ырааттуулугун аныктоого берилген тапшырмалар;
- шайкештигин аныктоого берилген тапшырмалар.

Жабык түрүндөгү тест тапшырмалары – бир туура жоопту же айрым бир жоопту тандап алуга берилген тапшырмалар. Тестте тандап алуу үчүн даяр жооптор (бир туура жана калганы туура эмес) сунушталат.

Ачык түрүндөгү тапшырмалар – жооп берүү убагында талапкердин өзү тарабынан жооп жазылышын талап кылган тапшырмалар. Ачык түрүндөгү тапшырмалар бир же бир нече негизги бөлүктөрү жок, толук эмес ырастама түрүндө болот. Негизги бөлүктөр катары: цифра, тамга, сөз же сөз айкашы болушу мүмкүн.

Туура ырааттуулугун аныктоого берилген тест тапшырмалары – бул тапшырмалар айрым бир топтордун бир түрдүү бөлүктөрүнөн турат жана бул бөлүктөрдү так тартипке келтирүүнү талап кылат;

Шайкештигин аныктоого берилген тест тапшырмалары – эки топтогу бөлүктөрдөн турган жана алардын ортосундагы шайкештикти так аныктоону талап кылган тапшырмалар. Шайкештик 1:1 принциби боюнча аныкталат (биринчи топтун бир элементине экинчи топтун бир гана элементи дал келет).

42. Окуу предметтер боюнча тесттердин түзүмү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык, тапшырмалардын үч деңгээлдеги принцибине таянып түзүлөт: минималдуу (негизги), орто жана жогорку татаалдык деңгээлдеги тапшырмалар.

43. Окуу предметтер боюнча тесттер тест жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмунун мөөрү жана директордун колу коюлуп бекитилет. Аткаруучу иштеп чыгуу үчүн таңгакталган, мектептин мөөрү басылган жооп баракчаларын жана тест материалдарын кабыл алат. Эгерде таңгакта мектептин мөөрү жок экендиги аныкталса, анда материалдар кабыл алынбайт.

## IX. Тестин жыйынтыктарын чыгаруу

44. «Алтын тамга» тестинин жыйынтыктарын эсептөөдө талапкерлердин жыйынтык баллдары беш балдык баалоо системасына өткөрүлөт.
45. «Алтын тамга» тестинин жыйынтыктары Аткаруучу тарабынан иштелип чыгып, министрлик тарабынан бекитилет. Тесттин жыйынтыктарын Аткаруучу Уюштуруу комитетине жана ББМБОго республикадагы бардык талапкерлер тесттен өткөн акыркы күндөн кийин 1 жумалык мөөнөттө билдириши керек.
46. ББМБО тарабынан «Алтын тамга» тестинин жыйынтыктары талапкерлерге жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) кабарлоо үчүн жалпы билим берүү уюмдарына жана мектеп комиссияларына бир күндүк мөөнөт ичинде жеткирилет.
47. Ушул Жободогу 10, 12, 13-пунктарында көрсөтүлгөн «Алтын тамга» тестинин жыйынтыгы жана ушул Жобонун 36-пунктунда көрсөтүлгөн ЖМАнын бардык милдеттүү окуу сабактарынан «эң жакшы» баа алган талапкер жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугун тастыктайт.
48. «Алтын тамга» тестинин жыйынтыгы боюнча ушул Жобонун 10, 12, 13-пунктарында көрсөтүлгөн бардык милдеттүү окуу сабактарынан «жакшы», «канааттандырарлык» жана «канааттандырарлык эмес» баа алган талапкер жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугунан ажырайт.
49. Жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугун тастыктаган талапкер ЖМАны жалпы негиздерде тапшыруудан, ушул Жобонун 12, 13-пунктарында көрсөтүлгөн талаптардан башка учурларда, бошотулат.
50. Жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугун тастыктаган талапкерге Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын бирине (ведомстволук баш ийгендигине жана окутуу түрүнө карабастан) кабыл алуу сынактары жок окуу жайга кабыл алынуу укугу ыйгарылат.
51. Жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугун тастыктаган талапкерге ушул Жобонун 48-пунктарында көрсөтүлгөн учурдан башка жеңилдиктердин түрү жана артыкчылыктар каралбайт.
52. Жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугун тастыктай албаган талапкерге айрым сабактар боюнча бааларын жакшыртуу максатында ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен макулдашып жазылган өз арызынын негизинде педагогикалык кеңештин сунуштамасы жана жалпы билим берүү уюмунун буйругу менен белгиленген тартипте жалпы негизде ЖМАны тапшырууга укук берилет. Бул учурда ЖМАны тапшыруунун жыйынтыктары аттестациялык баа катары эсепке алынат жана жалпы орто билими тууралуу артыкчылык аттестаты берилбейт.
53. Жалпы орто билими тууралуу аттестатка кошумча берилген табелге коюлган баа ар бир окуу сабагы боюнча бүтүрүүчү класстагы аралык (чейрек жана жарым жылдык), жылдык жана аттестациялык (мында аттестациялык

катары «Алтын тамга» жана (же) ЖМА эсептелет) бааларын эске алуу менен аныкталат.

54. «Алтын тамга» тестин жана ЖМА тестин өткөрүү формасы эквиваленттүү болуп саналат, ошондуктан жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка берилген табелдин «Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация» бөлүгүнө «Алтын тамга» тестинин же ЖМАнын баалары жазылат.

## X. Техникалык апелляцияны өткөрүү эрежелери

55. «Алтын тамга» тестинен өткөн талапкерлердин натыйжаларын баалоодо бирдиктүү талаптардын сакталышын камсыз кылуу үчүн Аткаруучу тарабынан уюштуруу комитетинин макулдашуусу менен техникалык комиссия (текстте мындан ары – ТК) түзүлөт.

56. Апелляция талапкердин ТКнын төрагасына жазылган арызынын негизинде жүргүзүлөт. Арыз талапкер тарабынан ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) катышуусунда жазылат.

57. Райондук/шаардык комиссия жер-жерлерде талапкерге электрондук почта аркылуу арызын жөнөтүүгө көмөктөшөт, бул учурда талапкердин аты-жөнү, ТТЖ, сабактын аталышы жана окуу тили милдеттүү түрдө көрсөтүлөт.

58. Апелляция өткөрүү учурунда талапкердин жанында анын өздүктүгүн тастыктаган документи, ошондой эле тестке катышуу үчүн берилген каттоо номуру болууга тийиш.

59. ТК баллдардын компьютерде жана кол менен иштеп чыгуунун шайкештигин аныктоо максатында талапкердин жооп берүү баракчасынын түп нускасын, тапшырмалардын ачкычын көрсөтүүсүн өтүнөт. Талапкердин арызын кароонун жыйынтыктары боюнча протокол түзүлөт жана ТКнын бардык мүчөлөрүнүн колтамгасы менен бекитилет. ТКнын материалдары архив түрүндө 1 жылдык мөөнөткө сакталат.

60. ТК талапкердин арызына ылайык көрсөтүлгөн сабактар боюнча баллдарды эсептөөнүн тууралыгын текшерет. Предметтик тесттердин мазмуну боюнча апелляция жүргүзүлбөйт.

61. Аткаруучу ББМБОго, жалпы билим берүү уюмдарына, катышуучуларга жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) «Алтын тамга» тестинин жыйынтыктары боюнча маалыматты төмөнкү тартипте жеткирет:

- www.edu.gov.kg сайттарында жайгаштырат;
- жыйынтыктарын PDF форматында электрондук почта аркылуу жөнөтөт.

## XI. Талаш маселелерди чечүү тартиби

62. «Алтын тамга» тестин өткөрүү учурунда келип чыккан бардык талаш маселелер жана пикир келишпестиктер мектеп комиссиясы, райондук/шаардык комиссиясы жана Уюштуруу комитети тарабынан каралат.

## XII. Каржылоо

63. Талапкерлердин «Алтын тамга» тестинен өтүү менен байланышкан чыгымдары (жол чыгымдары, жашаган жери, тамак-ашы) ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) тарабынан каржыланат.

64. «Алтын тамга» тестин өткөрүү менен байланышкан чыгымдарды каржылоо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борборлоштурулган иш-чараларын өткөрүү чыгымдарынын сметасында каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.